
# 3... 2... 1... Космоско учтук!



Авторлор: Праба Рам, Шила Преитт

Сүрөтчү: Видюн Сабханей

Которгон жана адаптациялаган: Үмүт Жолдошова

# 3... 2... 1... Космоско учтук!

Авторлор: Праба Рам, Шила Преитт
Сүрөтчү: Видюн Сабханей
Которгон жана адаптациялаган: Үмүт Жолдошова

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2020, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"3... 2... 1... Космоско учтук!" (кыргыз тилинде), Үмүт Жолдошова тарабынан которулуп адаптацияланган. 3... 2... 1... Blast-off! (англисче) чыгарманын негизинде, авторлору Praba Ram жана Sheela Preuitt, сүрөтчүсү Vidyun Sabhaney,
Pratham Books © 2018 CC BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз:
https://storyweaver.org.in/stories/25462-3-2-1-blast-off

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.


Created with Bloom



12 топ жылдыз космосто кыялдануу менен каалгып учуп жүрүшөт.


Топ жылдыз – бул асманда көрүнүүчү абдан жарык жылдыздардын тобу. Топ жылдыздарды кандайдыр бир айбанга же буюмга окшоштурууга болот.

Ак куу, Кескелдирик, Үч бурчтук, Цефей, Кичи Жетиген, Сүлөөсүн, Ажыдаар, Геркулес, Чоң Жетиген, Калкан жана Орион топ жылдыздарын кийинки беттен кара.




Жаркыраган 11 спутник жерди айланып жүрөт.







СПУТНИК – бул планетаны же жылдызды жандап жүрүүчү объект. Ай – Жердин табигый спутниги.

Адамдар жасаган жасалма спутниктер Жерди жандап учушат. Алар аба ырайын изилдөө үчүн керек. Интернет жана мобилдик байланыш дагы жасалма спутниктер аркылуу иштейт.






10 инженер ракета куруу менен алек.


Механик, электрик жана электроника инженерлери ракетаны куруудa биргелешип иштешет.






9 илимпоз адис орбитаны эсептеп жатышат.

Окумуштуулар космосто спутник кандай жол менен учарын математикалык жол менен эсептеп чыгышат. Спутниктин айланып учкан жолу ОРБИТА деп аталат.




8 планета Күндү айланып жүрөт.




Күндү айланып жүргөн сегиз ПЛАНЕТА Күн системасын түзөт. Меркурий, Чолпон, Жер жана Марс планеталары жер тибиндеги **ички планеталар**га кирет. Ал эми Юпитер, Сатурн, Уран жана Нептун планеталары **сырткы планеталар** деп аталат. Алар суутек менен гелийден турат.

Плутон Күн системасындагы тогузунчу планета деп эсептелчү. Бирок 2006-жылы Эл аралык астрономиялык союзу Плутонду эргежээл планета деп таап, негизги планеталардын катарынан чыгарып салган.




7 муздуу комета сызып өтүп баратат.



КОМЕТАЛАР – бул муз, чаң жана газдан турган ири бөлүкчөлөр. Алар Күн орбитасында кездешет, бирок адатта Жерден алыс болушат. Кометалар учуп өтүп бара жатканда асманда куйрукка окшогон жаркырак из калтырышат.

Бизге Хейли-Бопп, Галлей, Хякутаке жана Шу-Леви деген кометалар белгилүү.




6 ынтызар бала телескоп менен жылдыздарга байкоо жүргүзүүдө.





ТЕЛЕСКОП бизге алыскы жылдыздарды, планеталарды, кометаларды жана ай сыяктуу объекттерди көрүүгө жардам берет.






5 эргежээл планетага байкоо салсаӊ болот.







ЭРГЕЖЭЭЛ ПЛАНЕТАЛАР башка планеталардан кичирээк болушат. Алардын Күндүн айланасында так орбитасы жок. Эргежээл планеталардын жолунда астероиддер жана кометалар көп кездешет. Күн системасындагы белгилүү эргежээл планеталар булар: Плутон, Керес, Эрис, Макемаке жана Хауме.





4 жумушчу ракетага этияттык менен май куюп жатышат.



Машинага бензин куйгандай эле,
ракеталарда күйүүчү май жана химиялык отун колдонулат.




3 космонавт скафандр кийип турат.






СКАФАНДР – космонавттардын кийими. Ал космосто жүргөндө ысып кетүүдөн же тоңуп калуудан сактайт. Ошондой эле космос чаңынан коргойт.


Космонавттардын дем алуусу үчүн скафандрдын ичинде кычкылтек болот, жада калса иче турган суусу дагы бар.




2 дилгир бала миссияны башкаруу борборунда.


МИССИЯНЫ БАШКАРУУ БОРБОРУ – бул команданын башчылары чогулуп, космоско учууну текшерип туруучу бөлмө.





1 күрүлдөгөн ракета учууга даяр!

РАКЕТА – космоско өзү атыла турган транспорттук каражат. Ал космоско жасалма спутниктерди жайгаштыруу үчүн колдонулат.



Старт! Космоско учтук!



Биздин мекендешибиз, Кыргыз Республикасынын жана
Орусия Федерациясынын баатыры Салижан Шарипов эки жолу космоско учкан.



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Авторлор: Праба Рам, Шила Преитт
Сүрөтчү: Видюн Сабханей
Которгон жана адаптациялаган:
Үмүт Жолдошова

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- **4.1 деңгээли**
- 4.2 деңгээли